МИТ факультетинин ОМКнин 2022-жылдын 6-июнундагы кезектеги отурумунун жыйынынан көчүрмө

# Протокол №11

Катышкандар: ОМК нын мүчөлөрү - 17

**Күн тартиби:**

1. МИТ факультетинин МИОТжББМ кафедрасы тарабынан жетектелүүчү «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик багытына (профиль: Математика жана Информатика) педагогикалык эмес тектеш багыттардын бүтүрүүчүлөрүн кабыл алууга негиздеме

**Угулду:** МИТ факультетинин окуу-методикалык кеңешинин төрайымы Д.И.Зулпукарова – МИОТ жана ББМ кафедрасы тарабынан сунушталган негиздеме менен катышуучуларды тааныштырды жана ал жөнүндө кененирээк маалымат берүү үчүн сөздү МИОТ каф. профессору М.Алтыбаевага сөз берди.

**М. Алтыбаева МИОТжББМ каф. профессору, Сапат департаментинин директору:** - Урматтуу кесиптештер, учурда шаардагы жана айылдагы мектептерде орус тилдүү математиктер жетишсиз болгондуктан, педагогикалык эмес тектеш адистикти бүтүп баргандар аргасыздан математика сабагын бергенге туура келүүдө. Аймактардан алынган статистикага таянсак Республика боюнча орус тилдүү мугалимдердин жетишсиз экендиги анык болду.

Ушул маалыматтардын негизинде математика жана информатика мугалимдери жетишсиздигине байланыштуу 2022-2023-окуу жылынан баштап жана кийинки жылдарга кафедра тарабынан жетектелүүчү 550200 «Физика-математикалык билим берүү» (магистр) (Математика жана Информатика) адистигине педагогикалык адистиктен тышкары 510200 «Колдонмо математика жана информатика», 710300 «Колдонмо информатика», «Математика» багыттарын аяктаган бүтүрүүчүлөрдү кабыл алууга мүмкүн деп эсептейм.

**Келдибекова А.О. МИОТжББМ каф. башчысы, п.и.д.:** - Урматтуу кесиптештер мен да М.Алтыбаеванын сөзүнө кошулам. Чындыгында КМИ жана ПИ адистигин бүтүрүп, мектепте иштеп жаткан мугалимдер магистратурага тапшырабыз деп суранып келишет. Уруксат берип койсо ушул проблемалар чечилет эле.

Зулпукарова Д.И.: анда жогорудагы маалыматтарды уктуңуздар, бул негиздеме боюнча ой пикирлер болсо айтыңыздар.

**У.А. Сопуев МИТ фак. деканы, ф.-м.и.к., доцент:** Урматтуу кесиптештер магистратуранын Физика-математикалык билим берүү адистигине тапшырып окуйм деген педагогикалык эмес тектеш адистиктерди бүтүргөн студенттердин, мугалимдердин проблемаларын чечишибиз керек жана М. Алтыбаеванын, К.А. Осконовнанын пикирлерин колдоймун.

МИТ факультетинин ОМКнин курамы жогорудагы негиздемени бир добуштан колдошту жана төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

**Чечим:**

1. 2022-2023-окуу жылынан баштап жана кийинки жылдарга МИТ факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасы тарабынан жетектелүүчү 550200 «Физика-математикалык билим берүү» (магистр) (Математика жана Информатика) адистигине педагогикалык адистиктен тышкары 510200 «Колдонмо математика жана информатика», 710300 «Колдонмо информатика», «Математика» багыттарын аяктаган бүтүрүүчүлөрү кабыл алынсын.
2. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы МИТ факультетинин МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, доцент А.О. Келдибековага жүктөлсүн.

МИТ факультетинин ОМКнин төрайымы: Д.И. Зулпукарова

Катчысы: Абдималик кызы Ж.